**ММК фондунун 2024 жылдын 9 айында жарандар менен жүргүзүлгөн иштери**

Мамлекеттик кепилдиктер программасы, дары-дармек менен камсыз кылуунун кошумча программасы боюнча медициналык жардам алууда алардын укуктары жөнүндө, ММК Полиси жөнүндө, ММК фонду жана анын аймактык башкармалыктары тарабынан үзгүлтүксүз негизде коомчулук менен жолугушуулар уюштурулуп жана өткөрүлүп турат. 2024 жылдын 9 айында бардыгы болуп 771 жолугушуу уюштурулган жана өткөрүлгөн, анын ичинен калк жана бир катар өкмөттүк эмес уюмдар жана айылдык ден соолук комитеттери менен - 427, медицина кызматкерлери менен - 344. ММКларда саламаттык сактоо маселелерин чагылдыруу, телекөрсөтүү жана радио берүүлөргө катышуу улантылууда: республикалык жана жергиликтүү телекөрсөтүү боюнча чыгуулар – 112, радио боюнча – 27, басма сөздө – 16.

ММК фонду тарабынан 2023-жылдын 10-апрелинде №491 «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу Ош, Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл, Талас облустарында жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча маалыматтык кампания өткөрүлдү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн арасында, өкмөттүк эмес уюмдардын, айылдык саламаттык сактоо комитетинин катышуусунда, саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери, медициналык кызматкерлер, чет өлкөлүк студенттер менен камсыздандырылбаган жарандар үчүн ММК Полисинин артыкчылыктары, МКПга ылайык медициналык кызматтарды алуудагы пациенттердин укуктары, амбулаториялык деңгээлде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо ж.б. жөнүндө презентация берүү менен жолугушуулар жана маалыматтык-түшүндүрүү иштери өткөрүлдү. Ошондой эле стационарларда дары-дармек менен камсыз кылууда мониторинг жүргүзүү менен кошо саламаттык сактоо уюмдарында МКПнын маалымат такталары илинди.

ММК фонду менен келишим боюнча иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдарында, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалымат такталарында ММК Фондунун 113 номери боюнча түз байланышына кайрылуу жөнүндө маалымат жазылган плакаттар илинген.

ММК Фондунун социалдык тармактарда Facebook (https://www.facebook.com/fomsKG/), –Instagram (https://www.instagram.com/foms_kg/) жана Telegram-каналда (https://web.telegram.org/k/) расмий аккаунттары бар.

Жалпысынан 2024-жылдын январь-сентябрь айларында (фейсбук, инстаграмм, телеграмм-канал, сайт ФОМС), 157 пресс-релиз, 115 видео-релиз, 1083 жаңылык даярдалып жана социалдык тармактарга жайгаштырылган.

Камсыздандырылган жарандардын медициналык кызматтарды алуудагы артыкчылыктары жөнүндө видеороликтер "ЭЛТР", "Мир", “СТВ” ТВ каналдары аркылуу, ошондой эле "Кыргызавтобекет", "Кыргызтемир жолу" мамлекеттик ишканасынын, "Манас"эл аралык аэропортунун күтүү залдарында көрсөтүлөт. Мындан тышкары, маалымат роликтерин көрсөтүү күн сайын саламаттыкты сактоо уюмдарынын залдарында жана ден соолукту чыңдоо кабинеттеринде орнотулган телевизорлор аркылуу, ошондой эле социалдык тармактарда жүргүзүлөт. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу жана чет өлкөлүк жарандар тарабынан Кыргыз Республикасына келүүчү ММК Полисин сатып алуу зарылдыгы жөнүндө эскерткичтер басылып чыгып, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Консулдук кызмат департаментине өткөрүлүп берилди.